DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PHILOLOGICAL SCIENCES***

*Исмаилова Г.К.*

# ТАЗАБЕК САМАНЧИНДИН ОКУМУШТУУЛУК ИНДИВИДУАЛДУУЛУГУ

*Исмаилова Г.К.*

# НАУЧНО-ТВОРЧЕСКАЯ ИНДИВИДУАЛЬНОСТЬ ТАЗАБЕКА САМАНЧИНА

*G.K. Ismailova*

# SCIENTIFIC AND CREATIVE TAZABEK SAMANCHIN`S INDIVIDUALITY

*УДК: 821.352/159.9:39*

*Бул макалада Тазабек Саманчиндин окумуштуулук индивидуалдуулугу жөнүндө сөз болот. Т.Саманчиндин «Кылыч – жазуучу акын» аттуу монографиялык изилдөөсү кыргыз адабият таануусундагы улуу акын Молдо Кылычка арналган биринчи илимий изилдөө болуп эсептелет жана анын тарыхый мүнөзү жана орду ушунда. Изилдөөнүн артыкчылыгы – идеялык-тематикалык талдоону көркөмдүк-эстетикалык талдоо менен айкалыштыргандыгында. Т.Саманчин Молдо Кылычтын чыгармачылыгына биринчи иретте көркөм дөөлөт катары карап, акынды саясий чен-өлчөмдөр менен бир жактуу ченеп-бычкандан алыс болгон. Мунун өзү Т. Саманчиндин тарыхыйлуулук методологиясынын принциптерин колдонгондугун далилдеп турат. Т. Саманчиндин инсан жана илимпоз катары калыптанып өсүшүнө аны кичинекейинен тарта курчуткан оор, кыйынкезеңдүү жетимчилик турмуш, жетим балдар үйүндө тарбияланып, жаңы тартип көрүп, окуп, эртерээк сабатынын ачылышы, эки жыл Алма-Ата шаарында окуп, башка дүйнөгө аралашышы, кыргыздын педагогикалык техникумунда окуп билим алышы, андан кийин Москвада жогорку окуу жайында окуп, европалык илим-билимге ээ болушу, аспирантурадан окушу, кыргыздын илгерки залкар манасчы, ырчылары, комузчулары менен көзмө-көз жолугушуп, баарлашып, алардан таалим алган. Т. Саманчиндин индивидуалдуулугунун калыптанышына таасирин тийгизген факторлор бул макалада ачылып берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *билим, өтмө катыштык, көркөмдүүлүк, адабият, чыгармачылык индивидуалдуулук, башат, генезис, фольклор, профессионалдык адабият.*

*В данной статье речь пойдет о научной индивидуальности Тазабека Саманчина. Монографическое исследование Т.Саманчина «Кылыч – поэт-письменник», считается первым научным исследованием в кыргызском литературоведении, посвященным великому акыну Молдо Кылычу, а также в этом его исторический характер. Особенности исследования – сочетание идейно-тематического анализа с художественно-эстетическим анализом. Т.Саманчин, в первую очередь, рассматривал творчество Молдо Кылыча в качестве художественного достояния, и был далек от одностороннего раскраивания акына политическими мерками. Это доказывает то, что Т.Саманчин использовал принципы исторической методологии. В становлении Т. Саманчина в качестве личности и ученого большую роль сыграло его трудное детство, жизнь сироты, воспитание и обучение в детском доме, два года обучения в городе Алма-Ата, познание другого мира, учеба в кыргызском педагогическом техникуме, дальнейшее обучение в высшем учебном заведении Москвы, получение европейского образования, обучение в аспирантуре, личные встречи с великими кыргызскими манасчи, акынами, беседы с ними, обучение у них. В данной статье раскрываются факторы, повлиявшие на формирование индивидуальности Т. Саманчина.*

***Ключевые слова:*** *образование, относительное соотношение, художественность, литература, творческая индивидуальность, начало, генезис, фольклор, профессиональная литература.*

*In this article we will discuss the scientific individuality of Tazabek Samanchina. Monographic study of T.Samanchin "Kylych is the poet-writer", is considered the first scientific research in Kyrgyz literature devoted to the great akyn Moldo Kylych, and also in his historical character. Features of the study - ideological combination and thematic analysis with artistic and aesthetic analysis. T.Samanchin, first of all, considered the work of Moldo Kylych as an*

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*artistic asset, and was far from one-sided "cutting of" akyn by political measures. This proves that T. Samanchin used the principles of historical methodology. In the development of T. Samanchin as the person and scientist, his difficult childhood, orphan's life, upbringing and education in an orphanage, two years of study in the city of Alma-Ata, study at the Kyrgyz pedagogical institution, further training in higher education institutions in Moscow, obtaining European education, training in graduate school, personal meetings with the great Kyrgyz manaschi, akyns, conversations with them. This article reveals the factors that influenced the formation of T. Samanchin's individuality.*

***Key words***: *education, relative relationship, artistry, literature, creative individuality, beginning, genesis, folklore, professional literature.*

Т. Саманчиндин инсан жана илимпоз катары калыптанып өсүшүнө аны кичинекейинен тарта курчуткан оор, кыйын-кезеңдүү жетимчилик турмуш, жетим балдар үйүндө тарбияланып, жаңы тартип көрүп, окуп, эртерээк сабатынын ачылышы, эки жыл Алма-Ата шаарында окуп, башка дүйнөгө аралашышы, кыргыздын педтехникумунда окуп билим алышы, андан кийин Москвада жогорку окуу жайында окуп, европалык илим-билимге ээ болушу, аспирантурадан окушу, кыргыздын илгерки залкар манасчы, ырчылары, комузчулары менен көзмө-көз жолугушуп, баарлашып, алардан таалим алышы, М. Ауэзов, К. Юдахин, В.М. Жирмунский, С.М. Абрамзон сыяктуу улуу окумуштуулар менен алака-мамиледе болуп, алардан сабак алышы иштиктүү таасирин тийгизген факторлордон болгон.

Т.Саманчин макалалары, изилдөөлөрү аркылуу өзүн биринчи иретте кыргыздын оозеки адабиятынын, акындар поэзиясынын тарыхчысы катары көрсөткөн. Анын изилдөөчүлүк өзгөчөлүгү-көркөм адабиятты өткөн доорлордун социалдык-тарыхый фонуна салып карагандыгында.

Т.Саманчиндин биринчи болуп, кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн тарыхын мезгилдештирип чыгышы анын адабият таанууга киргизген жаңылыгы деп эсептейбиз. Окумуштуу «Манас» баштаган элдик адабиятты эстетикалык дөөлөт катары гана карабастан, кыргыз калкынын кылымдарды баскан тарыхынын көркөм документи катары карашы Т.Саманчиндин тарыхый-адабий көз карашынын өзгөчөлүгү болуп саналат.

Анын изилдөөчүлүк табылгасына, ачылышына эл оозунда жашаган оозеки аңгемелерди, чечен сөздөрдү адабият катары эсептеп, тарыхка киргизгендиги жана оозеки кара сөздү кыргыз профессионал прозасынын башаты катары эсептегендиги да жатат.

Акындарды чыгармачылык мүнөзүнө карай топторго бөлүшү, алар колдонгон жанрларды классификациялашы, ага мүнөздөмө бериши, көчмөн жамааттагы акындык өнөрдүн синкреттүүлүгүн, акындын коомдогу аткарган кызматынын полифункционалдуулугун аныкташы жана кыргыз элдик оозеки адабиятынын, акындар поэзиясынын байыркы доордон Октябрь революциясына чейинки тарыхын бир сыйра жалпысынан калыбына келтирип, түзүп чыгышы Т.Саманчиндин улуттук адабият илимине сиңирген тарыхый кызматы катары бааланууга тийиш.

Т.Саманчин кыргыздын көркөм сөз өнөрүндө кол жазма поэзиянын пайда болушун шарттаган социалдык-тарыхый, маданий-адабий детерминанттарды түшүндүрүп, жазгыч акындардын мурдатан келе жаткан салттуу жанрдык формалардын алкагындагы идеялык-тематикалык жаңылыктарын, алардын казалдарынын коомдук пафосун, социалдык мотивдерин ачып берген. Окумуштуунун ою боюнча, кыргыздын жазма адабияты байыркы Орхон-Енисей таш эстеликтериндеги рун жазмаларынан башталат. Бул негиздүү жана ошол учур үчүн жаңы ой болгон.

Т.Саманчиндин өзүнүн драмалык чыгармаларды жазуу жагынан жазуучулук тажрыйбасы болгондуктан, ал кыргыз адабиятындагы драма жанрынын өнүгүшүн компетенттүү талдап, профессионал драматургиянын жаралышына жана илгерилешине таасир кылган саясий, маданий, эстетикалык факторлордун ролун аныктаган. Ошондой эле, Т.Саманчин «Коргоо драматургиясы» аттуу адабий сынында өзүн коомдук-саясий категориялар менен гана ойлонгон инсан эмес, искусствонун образдык-көркөмдүк мыйзамдары менен ой жүгүртө билген, көркөм чыгарманы ушул позициядан мамиле жасап, анализ жасай билген, эстетикалык табити өскүлөң адабий сынчы катары көрсөткөн.

Ошондой болсо да, Т.Саманчин өз мезгилинин уулу болгондуктан, «адабият партиялык иштин бир бөлүгү» катары эсептелген коомдук шарттарда, окумуштуунун айрым учурда чыгарманы же кээ бир акындын чыгармачылыгын бир беткей саясий талаптар менен карап жиберген жагдайлары да жок эмес экендигин белгилөөгө тийишпиз.

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



Жыйынтыктап айтканда, Т.Саманчин өзүнүн 40-жылдардагы макала-изилдөөлөрү, адабий сындары аркылуу тарыхый-адабий кеңири эрудицияга ээ, өз элинин оозеки жана кол жазма поэзиясынын, акындар чыгармачылыгынын тарыхын терең билген, чыгарманы адабияттын теориялык категорияларына салып караган, методологиялык маданияты бар билимдүү адабиятчы, сынчы катары таанытууга жетишкен жана ал өзүнүн мындай сапаты менен адабият таануунун илим катары түптөлүшүнө салымын кошкон.

«Кылыч – жазуучу акын» монографиясынын өз учуру үчүн жаңылыгы жана бүгүнкү күн жалпы эле адабият таануу үчүн мааниси, баабаркы эмнеде? Кеңири талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөттү:

**Биринчиден,** Т.Саманчин биринчи жолу Молдо Кылычтын өмүр жолунун негизги мерчемдүү окуяларын, туулган жана өлгөн жылын, акындын адамдык мүнөзүн, инсандык өзгөчөлүктөрүн, жашоо образын «реконструкциялап» чыккан. Бул үчүн окумуштуу сурамжылоо, информаторлор менен аңгемелешүү методун, «талаа изилдөөсүнүн» (полевое исследование) ыкмаларын ийгиликтүү пайдаланган. Т.Саманчин 40-жылдарда Молдо Кылычтын жашап өткөн айылында конуп-түнөп, акынды көргөн, аны менен туздаш-даамдаш болуп, бирге аралашып жашаган карыялар, тууган-уруктары, шакирттери менен баарлашып, суроо артынан суроо жаадырып, алардын өз оозунан далайлаган белгисиз фактыларды жазып алып, жеринде көптөгөн кайталангыс материалдарды чогултуп, өз убагында өзүнчө бир илимпоздук эрдигин жасаган. Ушундай аракеттердин натыйжасында Т.Саманчиндин Молдо Кылычтын өмүрү жөнүндөгү изилдөөсү өзгөчө далилдүү, ынанымдуу болуп чыккан.

**Экинчиден,** Т.Саманчин монографиясында Молдо Кылычтын чыгармачылыгына таасир берген жана анын акындык ийгиликке жетишинде роль ойногон төрт факторду ачып берген. 1-фактор – кыргыз элинин бай оозеки адабияты. 2-фактор – түрк-мусулман калктарынын жазма адабияты. 3-фактор – акын жашаган доордун жаңыча социалдык-тарыхый шарттары, анын талаптары, муктаждыктары, көйгөйлүү жагдайлары. 4-фактор – Молдо Кылычтын өзүнүн индивидуалдуу тубаса таланты.

**Үчүнчүдөн,** изилдөөдө Молдо Кылычтын «Заманчылдыгынын» («Замана адабияты») социалдык, маданий, философиялык мотивдери жана тамырлары көрсөтүлүп чечмеленген. «Замана» адабиятынын мурдагы өкүлдөрү Калыгул, Арстанбектен айырмаланып, Молдо Кылыч жалаң пессимисттик көз караш менен чектелбей, орус цивилизациясынын прогрессивдүү жактарын көрө билгендиги белгиленген.

**Төртүнчүдөн,** өз учурундагы «Вульгардык социологиялык» сындын өкүлдөрүнөн айырмаланып, Молдо Кылычтын чыгармачылыгына саясий-идеологиялык чен-өлчөмдөр менен карабастан, эстетикалык позициядан мамиле жасап, акындын чыгармачылыгындагы диний, агартуучулук, колониалдык катаал үстөмдүккө нааразы болуу, цивилизациянын, прогресстин көрүнүштөрүнө кубануу, кайра көчмөндүк доорду көксөө сыяктуу бири-бирине кайчы чыккан тенденцияларды, карама-каршылыктарды Т.Саманчин историзм методологиясын колдонуп, туура түшүндүрүп, ал кубулуштардын өз тушу үчүн объективдүүлүгүн далилдеп берген. Т.Саманчиндин көз карашындагы карама-каршылыктардын өз мезгилинин тарыхый шарт-жагдайларынын өзгөчөлүктөрү менен детерминациялангандыгын аныктагандыгында. Окумуштуунун методологиялык сабаттуулугун басым коюп белгилемекчибиз.

**Бешинчиден**, монографияда Молдо Кылычтын элдик оозеки адабиятта илгертен колдонулуп келген салттык жанрдык формаларды жаңы замандын бөтөнчөлүү проблемаларын чагылтууга пайдаланып, аларды жаңы мазмун менен байыткандыгы тастыкталып көрсөтүлгөн.

**Алтынчыдан,** окумуштуу Молдо Кылычтын жазма акындыкка өтүшүн доордун агартуучулук тенденциялары менен байланыштырган жана төкмө акын менен жазгыч акын Молдо Кылычтын айырмачылыгын мүмкүн болушунча белгилеп түшүндүргөн. Молдо Кылычтын айырмачылыгы ырларын кагазга жазгандыгында болгон. Мындай учурда импровизатор акынга окшоп, комуздун коштоосунда угармандардын алдында үн кубултуп ырдап, ыр нөшөрүн жаадырып төкпөй, Молдо Кылычка жалгыз отуруп алып, колуна калем алып ойлонуп, шашпай сөз тандап, уйкаш тандап, кагазды каралоого туура келген. Мындай жагдай чыгармачылык процесске мамиленин башкачараак болушуна жана акындын чыгармачылык психологиясында өзүнчө бир кызыктуу кубулуштардын жаралышына алып келген. Маселен, Молдо Кылыч кагазга ыр жазып жатканда, калемин таштай коюп, колуна

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



бир нерселерди ала коюп, аны комуз сыяктуу черткилеп, ичинен кыңылдап ырдай салып, кайра кагазга үңүлгөн. Бул фактынын өзү – төкмө ырчылыктын жазма акындыкка өтүп жатышында акындагы төкмөлүк менен жазмалыктын өз ара катышын, жаңы нерсе салттан дароо кол үзүп кете албастыгын ырастаган уникалдуу көрүнүш. Т.Саманчиндин изилдөөсү ушундай кылдат байкоолорго бай.

**Жетинчиден,** илимпоз Молдо Кылычтын чыгармачылыгын идеялык-тематикалык планда гана анализдебестен, көркөм форманын көз карашынан да баалап талдаган. Т.Саманчин акындын чыгармаларынын көркөмдүк артыкчылык жактарын белгилеп, ошону менен бирге, көркөмдүк бөксөлүктөрүн да көрсөтөт. Мисалы, окумуштуу талдоонун жүрүшүндө акындын «Зилзала» поэмасынын «очерктик мүнөзүн», «Чүй баяны» чыгармасындагы рационалдуулуктун илебин белгилеген.

**Сегизинчиден,** Т.Саманчин изилдөөсүндө Молдо Кылычты өз заманынын чындыктарын, карама-каршылыктарын күзгүдөн көрсөткөндөй туура чагылткан реалист акын катары мүнөздөп, адабиятты фольклордук идеализациялоодон турмуш реалдуулугун көрсөтүүгө карай бурган деп, акындын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бирин ушундан көргөн.

**Тогузунчудан,** акырында Т.Саманчин чыгармаларындагы насыяттарга таянып, Молдо Кылычты «моралист акын» катары баалап, акындын коомду аңдоонун өзүнчө бир «моралисттик программасын» берген улуу талант катары даңазалаган. Мындайча айтканда, Молдо Кылычтын адеп-ахлактык концепциясын ачып берген.

**Онунчудан,** Т.Саманчин Молдо Кылычтын жан-жаныбарларды сүрөттөп көрсөтүүдөгү художниктик ийгилигин, анын бир тууган аймактын жаратылышын кадимки кесипкөй краевед-натуралисттин өзүндөй терең билгендиги менен байланыштырып, туура баалаган. Окумуштуу «Чүй баяны» поэмасынын айырмалуу өзгөчөлүгүн Молдо Кылычтын натуралисттик-биологдук жөндөмү менен поэтикалык жөндөмүнүн бири-бири менен айкалышкандыгынан көрүп, мурда да, кийин да, эч ким айтпаган уникалдуу ойду айткан.

Жыйынтыктап айтканда, «Кылыч – жазгыч акын» монографиясынын мааниси – анда «Замана» адабиятынын өкүлдөрүнүн бири Молдо Кылычтын чыгармачылыгы биринчи жолу илимий жактан кеңири талданып, анын акындык өзгөчөлүктөрү ачылып берилгендигинде. Монографиянын тарыхый мааниси – жаңыдан калыптанып жаткан улуттук адабият таануунун кандайдыр бир даражада методологиялык маданиятын түптөгөндүгүндө.

Демек, окумуштуулар А.Садыковдун, Б.Кебекованын, К.Байжигитовдун Тазабек Саманчиндин «Кылыч – жазуучу акын» аттуу кыргыз адабият таануусунун тарыхындагы биринчи монографиясынын илимий деңгээлине беришкен жогорку бааларынын чындыгын биздин анализибиз далилдеди демекчибиз.

**Адабияттар:**


1. Актуальные проблемы литературной критики. - Москва: Наука, 1980. - 339 с.
2. Андреев Ю. В поисках закономерностей. - Москва: Советский писатель,1987. - 289 с.
3. Аристотель. Об искусстве поэзии. - Москва: Гослитиздат, 1957. - 273 с.
4. Барабаш Ю. Вопросы эстетики и поэтики. - Москва: Современник, 1983. - 416 с.
5. Виноградов И.И. Проблемы содержания и формы литературного произведения. - Москва: Издательство МГУ, 1958. - 270 с.
6. Воробьева Н.Н. Принципы историзма в изображении характера. - Москва: Наука, 1978. - 264 с.
7. Гартман Н. Эстетика. – Москва: Иностранная литература, 1958. - 309 с.
8. Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. - Фрунзе: Илим, 1957. - 111-б. – 1961. - 104-б.
9. Саманчин Т.Кыргыз адабият тарыхынын очерктери. - Фрунзе, Кыргызмамбасма, 1943. - 164-б. (Ө.Жакишев, М.И.Богданова, К.Рахматуллин менен бирдикте).


**Рецензент: к.филол.н., профессор Токушева Т.С.**